# ТАРЫХТА ТҮРК УРУУЛАРЫ КАБЫЛ АЛГАН ИСЛАМ МЕСХЕПТЕРИ ЖАНА АЗЫРКЫ КЕЗДЕГИ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ДИНИЙ АБАЛ

Докт., доц. Сөнмез Кутлу*

Урматтуу төрага, кымбаттуу коноктор, сүйүктүү студенттер!
Мен «Тарыхта түрк уруулары кабыл алган ислам месхептери жана азыркы кездеги Кыргызстандагы диний абал» аттуу билдирүү менен бул чогулушка катышуудамын.

Билдирүүмдү баштап жатып, маселе айкын болушу үчүн кээ бир нерселерди түшүндүрө кетүү пайдалуу болорун сезип турам.

Биринчиси, билдирүүмдүн темасындагы «түрк уруулары»деген сөз менен бир гана Чыгыш жана Батыш түрктөрүн эмес, ислам динин кабыл алган бардык мусулман түрк урууларын айтуудамын.

Экинчиси, макаладагы «ислам месхептери» термини калк арасындагы «мезхеп» түшүнүгүнөн кеңири мааниде болуп, түрк уруулары кабыл алган ишеним жана саясий агымдарды ичине алат. Исламдын тарыхында пайда болгон диний түшүнүктөр жана булардын ичинен түрк билим адамы Эбу Мансур ель-Матуридинин башчылыгында курулган Эхли Суннет вель-Жамааттын эң чоң тармагы жана бардык түрк урууларынын кабыл алган матуридилик месхебинин тарыхтагы жана бүгүнку күндөгү мааниси жөнүндө сөз кылууга аракеттенем. Укук, Философия жана Тасаввуф агымдары жөнүндө сөз кылбайбыз.

Үчүнчүсү, узак мезгилди жана чоң аймакты ичине алган ушундай теманы бул жерде тереңдетпестен жалпы мааниде жана кыскача Кыргызстандагы абалды ортого салууга аракеттенем.

Орто Азия калкы исламды зордук менен эмес, өз каалоолору менен кабыл алышкан. Исламды жалпы кабыл алууда исламдын өз түзүлүшүнөн чыккан себептер менен бир катарда региондо ошол мезгилде жашаган кээ бир секталар да маанилүү роль ойношкон. Бул региондо 80Y699-жылдан бери аракетте болгон мезхептер харижилер, муржие, мутезиле, шиа, зейдийе, исмаилилик, Эхли Сүннеттин матуриди тармагы, эшари тармагы жана селефилик, башкача аталышы менен Хадисти жактагандар болушкан. Булардан харижилер, мутезиле эшарилик жана хадис тараптагылар кыска убакыт жана аз сандагы адамдарга таасирдүү болушса, региондогу негизги күрөш Эхли Суннет, шиа мезхеби жана анын ички группалары арасында болгон. Мындай күрөш Иран маданияты менен «ислам» түшүнүгү менен Түрк маданиятынын негизинде курулган «ислам» түшүнүгүнүн арасындагы күрөшү болуп эсептелет. Мен башка мезхептер эмес,

* Анкара университети, теология факультети

Эхли Сүннет жана Шиа арасындагы тарыхый күрөштүн жүрүшүнө кыскача токтолгум келет.

Бул месхептерден хаарижилик, шиа, зейдийе, исмаилиликке окшогон саясий месхептер же болбосо кээ бир саясий кыймылдар бардык аракеттерин ошол убактагы башкаруучуларды жыгууга жумшашкан жана жашыруун кыймыл аракет кылышкан. Орто Азияда исламдын жайыла башташы менен пайда болгон окуяларга себепчи болгон кээ бир адамдардын түрк экендиги белгилүү. Мисалы, 137Y755 те Мавераунненхирдеги көтөрүлүшкө себеп болгон лидер эт-Түркө деген түрк. Бирок биз бул кыймылды исламдашуу өкүм сүргөн бир мезгилде Иран маданияты жана Ислам маданиятынын таасиринде пайда болгон жана саясий себептери басымдуу болгон кыймыл деп эсептейбиз. Бул топтун кээ бир пикирлери менен ашири «шиа» группаларынын ортосунда кээ бир окшоштуктар бар экендигине карабастан шиа менен булардын айырмачылыктарын тактоо керек деген ойдобуз. Бул аракеттердин итикатка жана келамга теориялык же болбосо социо-политикалык кыймылдын уландысы экендигин же эместигин айтуу кыйын.[1] Өзгөчө эмевийлерди жыгууга аракеттенген харижилерди эске албасак шиалыкка байланышкан башка тармактар Алиогулларын күчөндүрүү үчүн аракет кылышкан. Мисалы, Алиогуллары аты менен белгилүү болгон алгачкы аракеттер, Харун Рашиддин мезгилинде Яхья б. Абдуллахтын 170 колдоочулары менен мурда Рейге, ал жактан Жузжан жана Балхка, андан кийин Мавераунненхирдеги түрк ханы Хааканга, эки жарым жылдан кийин Кумиске Жибалы Таберистанга жана эң акыры Дейлеманга качышы менен башталат.[2]

Мавераунненхирде аракеттенген исмаилилердун башында Эмир Хусеин б. Али эль-Мерваразийнин окуучусу Эбу Абдуллах б. Ахмед эн-Несафо эль Бердего (331-942) турган.[3] Ал Саманий мамлекетинин башкаруучуларын исмаилиликке киргизүүгө аракет кылды, бирок бул иштери үчүн өлтүрүлгөн. Ал мугалими сыяктуу Насыр б. Ахмеддин кызматчылары менен жакындашуу жолдорун издеди. Ошол учурда Хоросанда көптөгөн кишилерди исмаилиликке киргизди жана анын месхеби Бухара жана анын айланасында кабыл алына баштады.[4] Исмаилиликтин Сыжыстандагы экинчи башчысы Эбу Якуб Исхак б. Ахмед эс-Сежазо (271-331-884-942) болуп эсептелет. Эн-Несефонун оң колу болгон Эбу Якуб Убейдуллах эль-Махдого менен байланышта болуп, региондо аракет жүргүзгөн жана исмаилилик көз караштарын жайуу үчүн аракет кылган адам.[5] Ал 331Y942 жылы Туркистанда өлтүрүлгөн жана исмаилилик пикирлери боюнча атактуу «Китабул Йенеби» аттуу чыгармасы бизге чейин жеткен.[6] Бирок Саманийлер мамлекети мындай кыймылга тоскоолдук кылды жана Эхли Сүннет багытын колдоду.

---

[1] Richard Frey, The Golden Age of Persia, London 1988, 127-128.

[2] Ebu'l-Abbas el-Haseno, Kitabu'l-Mesaboh, 55-57(сегиз башка чыгармадан Зейдалердин Таберистандагы кыймылдары тууралу бөлүктөр суралып «Ahberu'z-Zeydiyye»(W.Madelung, Beyrut 1987) аты менен бир китеп болуп басып чыгарылган. Бул китептин ичинен кенен маалымат алгыңыз келсе 54-75 тен караңыз)

[3] Кенен маалымат үчүн караңыз:Комиссия, Dogustan Gunumuze Buyuk Islam Tarihi, Istanbul 1987, V, 273-276.

4 Mustafa Galip, Ebu Yakup Ishak b.Ahmed es-Secezo(же Sicistano) (331/942) Kitabul -Yenebi жазган киришүүсүндө , Beyrut 1965, 28-29.

[5] Комиссия, Büyük Islam Tarihi, V, 276-278.

[6] Бул Ismailo dao жана чыгармасы тууралуу кенен маалымат үчүн карасаңыз болот. Kitabul-Yenebi, 45-48(киришүүсүндө).

Исмаилилик маданиятынын негизинде келип чыккан жана кийинчерээк өз алдынча мезхебге айланган дурзиликтин негиздөөчүсү Нестекин (Акустекин) ед- Дерези болуп эсептелет. Ал Бухаралык түрк болгон жана анын 407-1016-жылы Египетке келгендиги белгиленип жүрөт. Ал Хакимдин улууту жарыялана электеги муундун өкүлү. Хамзанын ордуна өзү имам болуу үчүн Хакимдин көз караштарын пропаганда максатында пайдаланды. Нестекиндин аширилик пикирлерди жактыруусу калктын бул кыймылга каршылыгын пайда кылды. Ошондуктан кыймылдын иш- аракети 410-жылы ал өлгөнгө чейин токтотулду. Бирок мезхеп анын аты менен аталуусун улантты.

Исмаилилик кийинки мезгилдерде түрк дүйнөсүн чочуткан чоң коркунуч боло баштаган. Анткени Низари исмаилилер Иранда Хасан Саббах тарабынан жетекчиликке алынган. Анын 483-1090-жылы Казвиндин Түндүк Чыгышында кол жеткис жердеги Аламут чебин басып алышы менен расмий түрдө жашай баштаган Иран Низарий Исмаилий мамлекети 654-1256-жылга чейин өкүм сүргөн. Хасан Саббах фидаилик (патриот) уюму менен Иран, Ирак, Сирия, Анатолия жана башка региондордо террор баштады. Хасан Сабахтын фидайилеринин ар тарапка коркунуч салышы Хулагунун Аламут крепостун басып алышы менен начарласа да, агым түрүндөгү таасирин өзгөчө Иран, Сирия жана Орто Азияда сактай алган. Ирандан Индияга жана Афганистанга жайылган Низари Исмаилилиги 1233-1840 жылы I Ага Хан Али Шах аркылуу Индияда жаңы бир доорго кирди. Низарилер III Ага Хан болуп эсептелген атактуу Султан Мухаммед Шах Алинин имамдыгы мезгилинде (1302-1374-1885-1957) чоң ийгиликтерге жетишкен. Бүгүн IV Ага Хан Керим Шах Алинин жетекчилиги алдында (имамдыкка 1374-1957 жылы келген) Низари Исмаилилер жалгыз Индияда гана эмес Европа, Азия жана Африкадагы 22 ар кандай өлкөлөргө жайылышып, катарын 20 млн. адамга жеткиришкен.

Түрк уруулары арасында үгүт жүргүзүү аракетинде болгон мезхептердин бири Зейдийе болуп эсептелет. Бул мезхеп Орто Азияда жашаган түрк уруулары гана эмес, Хорезм аймагында жашаган башкаларга да таасирлүү болгон. Ал тургай Таберистанда АлевиҮЗейди мамлекетин курушкан. Бирок булардын Хорезм шахтарга таасирдүү болгондугу тууралуу жетишинче маалыматыбыз жок.

Исламда «ойчул багыт» деп таанылган мутезилеге келсек, алардын региондогу алгачкы аркеттери месхептин түзүүчүлөрүнөн болгон Васил тарабынан үгүттөө үчүн жиберилген Хафс б. Салимдин Тирмиз иш-аракети менен баштады. Баш тартуу пикирлеринде Мемундун устаты болуп кабыл алынган[7] атактуу Мутезилле Сумаме б. эль-Эсрар (213-828) Хоросанда жана Маверауннехирде түрктөр менен болгон согуштарга катышкан жана узак мезгилге чейин алардын туткуну болгон.[8]

Бул региондо 333Ү944-ж. чейин жеткен эң чоң мутезилле аалымы Эбул Касым эль-Кабо (319Ү931) болгон. Басра мутезилесинен болгон Кабо өз мекени болгон Балхка кайткандан кийин да өзүнүн месхебинин пикирлерин коргогон жана бул темада чыгармаларды жазган. Месхептин бул региондо жайылышында анын чыгармалары маанилүү ролдорду ойноду деген ойдобуз.[9] Матурудий менен

---

7 Bağdadi, Mezhepler arasındakı farklar, çev. Ethem Ruhi Fığlalı, İstanbul 1991, 125.

8 Cahız, Hilafet Ordusunun Menkibleri ve Türklerin Faziletleri, çev. Ramazan Şeşen, Ankara 1988, 75-76.

9 Караңыз: Fethullah Huleyf, Kitabul-Tevhid, Iskenderiye,6 (киришүү)

анын ортосундагы тартышуулар узак мезгилге созулган жана бири-бирин четке кагуу түрүндөгү каттарды жазышкан.[10]

Кабонун ой-пикирлери Балхтиктер тарабынан жактырылбаса да, Несеф аймагынын жашоочулары колдошкон. Андан сон Журжан аймагында болуп, ал жакта өзүнө берилген суроолорго тийиштүү жоопторун камтыган «Фетаве-Журжан» деген чыгармасын жазган.[11] Наср б. Ахмедге караштуу башчылардан Ахмед б. Сехлдин катчысы болгон.[12] Белгилүү муфессир жана тилчи Земахшери да мутезиле месхебин колдогон түрк улутундагы илим адамдарынын бири болгон.

Бул агым Селчуктуктардын алгачкы мезгилинде абдан таасирлүү болгон. Мутезиле мамлекеттик түзүлүштүн эң маанилүү кызматтарынын бири болгон вазирлик кызматка чейин көтөрүлгөн. Алардын мындай даражага татыктуу болгондугунун себеби укукта Ханефий болушкандыгында. Селчук мамлекетинин падышахы Туурулбейдин вазири Амийдил Мулк Эбу Насыр Кундурий мутезиле месхебинин жактоочусу болгондуктан, 436-жылдан 445-жылга чейинки 19 жылдын ичинде баары биригип 400 Эшари казылары иштен бошотулган. Алардын кээ бирлери камакка алынып, кийинчерээк сүргүнгө айдалышкан.[13] Бирок эшарийлердин жеңишинен кийин мутезилелер вазирлик кызматтан бошотулушуп, камалышкан. Ушул эле учурда эшарийлер өздөрүнүн теологиялык көз караштары окутула турган Низамуль-Мулк медреселерин ачышса да, түрк урууларынын арасында эшарийлик күчтүү агым боло алган эмес.

Түрк урууларынын арасындагы таасирдүү болгон агымдарынын бири болуп, аят жана хадистерди сөздүк маанилерине карата чечмелеген жана ой жугуртүү методун динге кийинчерээк киргизилген метод деген көз караштагы Хадис Жактоочулар («Асхабуль Хадис») агымы эсептелет. Ислам түшүнүгүндө «Асхабуль Хадис» мусулмандарды өз ара келишпестиктен куткаруу, калктын жашоосун идеялдаштырган Аз. Пайгамбардын доорундагыдай формада түзүү жана биримдикте жашоо үчүн Куран менен бирге Аз. Пайгамбардын хадистерине, Сахабе жана Табиинин сөздөрүнө ишенип жана бул сөздөрдү чогултуп, маанилерине карай бөлүмдөргө болгон, көпчүлүк учурда ой-пикирлерин хадистерге таяп, аларга үгүттөгөн ошондой эле мусулмандарды Куран жана хадистерден сырткары ой-жүгүртүүгө тыюу салган инсандардын орток аты болуп эсептелет. Хадистерди өтө ыйык баалашкандыктары жана бардык иш аракеттерин бул жолго жумшагандыктары үчүн бул агымдагы адамдар региондо белгилүү өлчөмдө колдоочуларын табышкан. Алар өздөрүнүн ой- пикирлерине каршы келгендердин сындоосунан өздөрүн коргоо жана мажбур учурда сырткары мезгилдерде ой жүгүртүүнү колдонбоого аракет кылышкан. Чоң күнөө кылган инсандарга өтө катуу мамиле кылышкан жана коомдун өзгөрүүлөрүн жетиштүү түрдө эсепке алышкан эмес. Ошондуктан жаңыдан мусулман болгон калктан өздөрүнө ылайыктуу жана туруктуу колдоо

---

[10] Ebul-Kasim el-Kabo el-Belho, Zikrul-MutezilleninMakaletil-Islamiyyon, Fuad Seyyid, Tunus 1986. 44.

[11] el-Kalbo, Makalet,48.

[12] el-Kalbo, Makalet,43.

[13] Кенен маалымат үчүн карасаңыз Muhammed Şerafaddin Yaltkaya. «Selçuklar Devrinde Mezahip»DFIFM,13-14. саны 9, 101-118.

таба алышкан эмес.[14] Өз алдынча ой-жүгүртүүнү колдогон Ханефий-Матуридилердин Шиадан кийинки негизги атаандаштары Хадис жктоочулар болгон. Ой жүгүртүүнү жактоочулардын алсызданышынан жана акыл жүгүртүүгө тыюу салуу күчөгөн мезгилдерде Хадис Жактоочулар алдыга озуп чыккан. Азыркы мезгилде Хадис Жактоочулардын ордун бул көз караштагы ханбелий агымынан пайда болгон вахабийлик ээледи.

Алгачкы мезгилдерде жогоруда айтылган кыймылдар түрк урууларынын арасынан аз болсо да колдоочуларды өзүнө тарта алышкан. Бирок эч качан бул кыймылдар дин аалымдарынан жана калк арасынан мурджие жана анын уландысы болгон матурудиликтей колдоо таба алышбаган. Исламдын алгачкы 3(үч) кылымында Орто Азиядагы калктар тарабынан кабыл алынган эң күчтүү месхеп, өздөрүнүн исламдашуусунда маанилүү роль ойногон мурджийе месхеби болуп саналат. Мурджийе араб улутунан башка мусулмандар (Мевалий) араб мусулмандары менен тең укуктуу экендиктерин жана өздөрүнөн укуксуз түрдө алынган салыкты жокко чыгарылышын талап кылган. Мурджийеликтин мевалийге болгон бул жардамы бир гана Иракта болбостон башка жерлерде да ишке ашырылган. Хорасан жана Моверауннехир аймактарында мусулманчылыкты кабыл алгандыгына карабастан салык жана жизйе алынышынын улантылышынан улам экономикалык кыйынчылыкка дуушар болгон калк Ирактагыдай кризистен чыгуунун жолун мурджийеликке өтүүдөн издеген. Ошондуктан Мевалийнин теңдик үчүн күрөшүүсү теориялык жактан Мурджийенин теориясына таянат.[15] Себеби Мурджийенин ою боюнча ыйман бул-Аллахты, Расулун жана Аллахтан келген буйруктарды тил менен ыкрар этүү же болбосо чындык экендигин чын дили менен тастыктоо же экөөнүн тең чогуу иш жүзүнө ашуусу.[16]

Ибадаттар сыяктуу диний буйруктар ыймандын негизи болуп эсептелбейт Себеби ислам ишенимин кабыл алгандыгын айткан адамдын ыйманы менен башка момундардын, ал тургай пайгамбардын жана периштелердин ыйманы да тен даражада. Бул ой башка месхептердин ыйман жөнүндөгү теориялары менен салыштырылганда мевалини экинчи даражадагы мусулман деген пикирди танып, бардык мусулмандардын тең укуктуулугун коргогон артыкчылыктарга ээ эле. Ошондуктан диний ибадаттардын ыйманга кошулбашы жана ыйманда момундардын теңдиги жөнүндөгү бул теория исламдашууга дуушар болгон калктар үчүн жаңы мааниге ээ болду.[17]

Мурджие агымы өздөрү жактаган ойлорунун негизинде башка агымдарга окшоп Эмевинин жетекчилигинен кутулуш жана алардын кудуретин алсыздандыруу үчүн жашыруун үгүттө методун тандашпады. Себеби Эмеви башкаруучулары өздөрүнүн кастары болгон Шиа жана Харижилерди ар дайым басынтып, алардын бардык иш аракеттерине тоскоолдук кылууга аракеттенишкен. Ошондуктан бул эки месхептегилерди мамлекеттик кызматтарга келтирбөөгө аракет кылышкан. Харижилер сыяктуу алар

---

[14] Хадистин колдоочуларынын качан курулгандыгы жана ошолордун ким болгондугу, кайсы пикирлерди кабыл алгандары тууралуу кенен маалымат үчүн караңыз. Sönmez Kutlu, Hadis Taraftarlari ve İman Anlayışları, Ankara 1997. (чыга элек)

[15] W.Madelung, «Horasan ve Maverannehirde ilk Murciye ve Hanefiligin Yayılışı», çev. Sönmez Kutlu, A.U.I.F.D. 33(1992), 240

[16] Салыштырыңыз Krz., Madelung, Religions Trends in Early Islamic Iran, Bibliotheca. Presica. 1988. 15.

[17] Салыштырыңыз Krs., Madelung, «Horasan ve Maverannehirde ilk Murciye», XIII (1992), 40.

башкармачылыкты текфирлешип (каапыр деген күнөө коюу), башкармачылыкты жоюуу жана бийликти Шиага окшогон кудуреттуу Хасимолорго кайруу түрүндөгү максаттары болбогондуктан Эмеви башкармачылыгы алардын илимий жана аскердик кызматтарда иштөөсүнөн коопсузданышкан эмес. Өзгөчө бул регионго байланышкан басып алуу жана исламдаштыруу кыймылдарынын Басра жана Куфе аркылуу болушу, бул аймакта коп жактоочуларга ээ болгон муржийеликке ой-пикирлерин чыгыш аймагына жаюусунда чоң артыкчылык берди.

Мевалиге тең укукту берүү максатындагы жүргүзүлгөн бул реформалардын башында муржийелердин башчыларынан Эбу с-Саид, Сабит Кутна жана башка шакирттери болгон.[18] Бирок алар эмевилердин мансапкорлугунун айынан ийгиликке жетишпеди. Бирок региондогу ислам динине жалпы өтүүлөр Муржийеликтин иш-аракеттеринен кийин ишке ашты. Алардын күрөшү кийинчерээк Харис б. Сурейе тарабынан улантылган. Харис б. Сурейе 119-737-жылынан баштап эмевилердин аскер башчысы Эседке каршы күрөшүндө Тохаристан да кучагына кирип, анын жетекчиси Хакан менен бирге уланткан. Эсед кыш мезгилинин ортосунда Тохаристандан кеткенде Хакан бул регионго жөнөгөн. Ал жерде Ябгунун жанында токтошуп, кийинчерээк Жужанга келишкенде кол салууларын улантышкан.[19] Эсед бир майрам күнү окуган хутбесинде мусулман болбогондор менен бирге иш аткаргандыгы үчүн Харисти исламдын нурун өчүрүш үчүн күрөшкөн. Алланын душманы деп күнөөлөгөн. Кийинчерээк Хаканга каршы боло турган согушта жеңишке жетүү үчүн дуба кылган.[20] Катуу кагышууларда Хакан жана Харис б. Сурейе жеңилүүгө дуушар болушкан. Бул мезгилде согдулуктар жана согдулук эместер Харисти колдошкон. Мындан кийин Харис Хакан менен бирге Усрусенеге кайткан.[21]

Согд жана Бухара калкы эмевилердин бул мыйзамсыз талаптарына каршы чыгышып, түрктөрдөн аскер топтоп согушууну чечишет.[22] Алар Хакан жана түрктөр менен бирге Катан б. Кутейбенин жетекчилиги алдында 10 миң кишилик аскерге каршы Амул, Фергана, Сас, Самарканд жана Бухарада көп күн согушкандан кийин жеңилишкен.[23]

Наср Хорасандын акими болгондон кийин, Маварауннахрга карай сапарга чыгууну белгилешкен. Бирок, Наср, адегенде Мевали (мурда кул болгон) дуушар болгон укуксуздукту жоюну каалаган. Ал үчүн Мансур б. Оморго мусулмандардан жизйенин алынып салынуусун жана жизйенин бир гана мушриктерден (Аллага шерик кошкондор) алынуусун буюрган. Бирок кийинки жума күнү 30 миң мусулмандын жизйе төлөгөндүгү, 80 миң кайры динден налог алынбагандыгы туурасында арыздануулар болгон. Ошол себептен Мансур мусулмандардан жизйе алууга тыюу салып,, салык төлөө боюнча да кээ бир өзгөртүүлөр киргизген. Мына ушинтип Бухара, Самарканд, Кис жана Несеф калкын өзүнө тарта алган. Наср биринчи Самарканды ээлеп, андан кийин Сасга

---

[18] Салыштырыңыз Krs., J.Wellhausen, Arap Devleti ve Sükutu, çev. Fikret Isıltan, Ankara 1963, 220

[19] Ibnul-Esır, et-Karvil fıt-Tarıh, Mısır, 1965, V,203

[20] Taberi, Tarehil-Urneru vel-Muhik, M. Ebul Fazl Ibrahim, Beyrut, II,1603; Ibnul-Esor, el-Kernil,V,203-204.

[21] Taberi, II, 1612; Ibnul-Esir,el-Kernil,V, 205.

[22] Taberi, II, 1509-1510; Ibnul-Esir, el-Kernil, V, 148.

[23] Бул темада кенен маалымат билүү үчүн караңыз .Tabvero,II,1513-1523; Ibnul-Esir, el-Kernil,V/150-154.

чабуул койду. Наср Саска кол салуу менен Састын башчысы[24] Арис б. Сурейенин ал жерден чыгып кетиши жөнүндө келишим түзүшкөн. Харис Фарабга жиберилген. Андан кийин Фергана колго алынып, жана Насырга каршы чыккан бир канча дыйкан өлтүрүлөт.[25] Наср Маварауннахрды кол астына алууда ийгиликке жетишсе да 124-744-жылга чейин он үч жыл түрк аймактарында калган.[26]

Муржийенин таасири III кылымдан баштап өзүнүн аты менен эмес, ошол чөйрөлөрдөн чыккан керамийе жана матуридилик деген ат менен жашаган. Керамилер, саманилер доорунан баштап күчүнө кирип, газнелилер доорунда алтын учурун жашашкан. Алардын Фергана, Хуттем, Жузжан, Мерверуз жана Самарканда бир канча сарайлары болгон. Нисабур, Сижистан жана Хорезмде шиилер менен керамийлер арасында, ал эми Хераттагы иш жүргүзүүчүлөр менен Керамилер арасында түшүнбөстүктөр болгон.[27] Кийинчерээк ханефи матурудилердин арасына сиңип кетишкен жана тарыхта калган. Мына ушуларга карабастан матурудилик аймактагы келамий талаш-тартышууларда шианын эн алдынкы катардагы атаандашы болгон. Саманилер муржийе жана матурудийге эң чоң өбөк болгон. Атугул бул аймакта шиалыктын жайылуусун токтотуу максатында Мавераунnехрлик түрк аалымы Хаким ес-Самаркандиден Эхли Сүннөттүн негизги эрежелерин жазуусун өтүнүшкөн. Ал устазы Матурудинин жолун жана методун колдонуу менен «Севадул-Азам» деген 62 бөлүмдөн турган калкка таанымал китебин жазган. Газнеликтер, караханиттер, сельчуктар жана осмондуктар доорунда бул жана башка аймактарда бул месхебке колдоо көрсөтүү үчүн бир канча чыгарма жазылган. Атугул Мавераунnехрда Бухара, Самарканд, Несеф, Термез, Ош ж.б.у.с. бир канча шаарларда бул месхебдин негизги эрежелерин колдогон аалымдер чыккан. Мисалы: Матуридинин Келам тармагындагы маанилүү орду болгон жана бул тармактын негизги эрежелери ыр түрүндө жазылган «Касидетль-Эмали» аттуу чыгарманын автору Оштук Али б. Осмон ел-Оши болгон. Бул чыгарма, осмондуктар доорунда бир канча жолу басылып, көптөгөн түшүндүрмөлөр жазылган.[28] Кыргызстанда бул китеп жана анын түшүндүрмөлөрү калктын колунда дале болсо сакталууда.

Матурудилик IV кылымдан баштап, азыркы күнгө чейин түрк элдеринин месхеби катары калыптанды. Ушул тапта азербайжандардан тышкары түрк дүйнөсүнүн 90%и бул месхепке кошулат. Мунун кээ бир себептери төмөнкүлөр:

1. Бул месхеп түрк элдеринин мусулман болушуна жана арабдар менен тең укуктуулугун алышына себепчи болгон муржие месхебинин ой-пикирилеринин негизинде курулган.
2. Бардык мусулмандар ыйманы жагынан тең деген пикирди жакташкандыгы
3. Диний ибадаттарды ыймандын негизи деп санабагандыгы. Исламга кирүүнүн негизги жолу- «Жалгыз Аллага ишенүү» деп эсептешкендиги.
4. Динди чын көңүлдөн, чын дилден кабыл алуу шарт деп эсептешкендиги.

---

[24] Taberi,II,1688-1689; Ibnul-Esir, el-Kernil, V,236-237T.

[25] Taberi, II, 1694-1695; Ibnul-Esir, el-Kernil, V, 238.

[26] Taberi, II, 1719; Ibnul-Esir, el-Kernil, V, 252.

[27] Makdisi, Ahsenul-Tekasim, 326.

[28] Ali b. Osman el-Oşi жана чыгармалары менен байланыштуу кенен маалымат билүү үчүн караңыз. Kasim Muminov, Türk Mitekellimi Oşinin Ernali Adlı eseri ve Kelami Görüşleri, Oş 1998. (Ош мамлекеттик университети, Теология факультети чыгарылбаган дипломдук иш).

5. Жалгыз Теңирге ишенген жана өздөрүнө Кудайдан билдирүү келбеген ислам чөйрөсүнөн алыста жашаган түрктөрдүн да «бейишке кире алат» деген ой-пикирди жакташкандыгы.
6. Укук маселелери боюнча Эбу Ханифенин ой-пикириндеги ханефиликти колдоосу.
7. Матуридинин түрк окумуштуусу болушу.
8. Исламды саясий максаттар үчүн курал катары колдонууга каршы чыгуулары.
9. Динди түшүнүүдө терең ой жүгүртүү менен чечмелөөгө чоң маани беришкен.
10. Эхли Сүннөт вел жамаат мезхебин коргоосу жана укукта ханефилик берүүлөрү.

Ушул себептен Матуриди баштаган окумуштуулар Эхли Сүннөттүн тышындагы шиа мезхебин, андан бөлүнүп чыккан дурзилик, зейдилик сыяктуу мезхебдердин көз караштарын сындоо максатында көптөгөн чыгармаларды жазышкан жана сындашкан. Туркистандан чыккан көптөгөн философтор, суфилер, укукчулар бул мезхептин эркин ой- жүгүртүүсүнүн түшүмү болуп саналат. Ушул чөйрөдө чоңойгон Ахмед Йесеви түрк тилинде ыр жазуу менен Батыш жана Чыгыш түрктөрүнө азыркы күнгө чейин таасирин тийгизүүдө.

Кыргызстанда ушул убакта христиандык, шинтоизм, хиндуизм сыяктуу көптөгөн диндер жана алардын месхебдери өздөрүнүн ой-пикирлерин жайылтууга аракеттенишүүдө. Биз бул жерде ислам дининен башка дин жана месхептер жөнүндө сөз козгобостон, жалгыз гана аймакта иш жүргүзгөн кээ бир ислам месхептерине токтололу. Эң алгач бир нерсени баса белгилеп кетким келет. Жетимиш жыл бою исламга каршы зордук-зомбулук, кысым көрсөтүлгөнүнө карабастан, бул аймактагы калк тарыхта болгондой эле бул күндө да ислам укугунда Ханифийликте болсо, ишенимде Матуриди агымына баш ийишүүдө. Ушул убакка чейин сакталып келген чыгармалардын дээрлик бардыгы, Эхли Сүннөт вел- Жамааттын ой пикирлерин камтыган. Тарыхта болгондой Совет доорунан кийин да Фергана өрөөнүндө матуриди жана шии топторунун арасында келишпестиктер болуп өтүүдө . Шии маданиятынан арасынан чыккан жана Эхли Сүннөткө каршы болгон месхептер төмөнкүлөр: Иран шиилиги, исмаилилик, шии маданиятынан чыккан, бирок азыркы кезде өзүн дин катары таанытууга аракеттенген бахаилик жана акыркы учурларда эң көп оозго алынган араб ислам түшүнүгүн колдогон вахабизм месхептери эсептелет. Жогоруда аты аталган месхептер Орто Азияда, анын ичинен Кыргызстанда өз иш- аракеттерин күч алдырууда. Бул аймакта коп жылдар бою өкүм сүргөн матуридилик месхебине карама-каршы келген бул месхептердин дээрлик бардыгы четтен б.а. Иран, Индия, Араб дүйнөсүнөн келгендиги үчүн бул аймактагы социалдык, маданий жана диний түзүлүшкө каршы чыгууда. Башка жактан келген шиилик, вахабилик, исмаилилик жана шии маданиятынан ичинен чыккан бахаилик көз караштары жана өнүгүүсү бүтүндөй саясатка багытталган саясий максаттагы месхептер. Бардыгынын учурдагы башкаруу системасына карата айкын проблемалары бар. Бир гана матуридилик, башкача айтканда Эхли Сүннет вел Жамаат бул аймактын өз ээси. Ал кыргыз калкынын ата-бабаларынын маданияты менен байланышта. Тыштан кирбегендей эле негизги максатда саясий эмес, фанатизмден алыс жана бардык мусулмандарды тең саноо пикирин кабыл алышкан.

Фергана регионунда иран жана араб моделинин күчөшү бул диний көз карашта калктын ортосундагы биримдикке коркунуч туудуруусу болуп эсептелет. Ирандын фундаменталисттик жана радикал көз караштарын Орто

Азияга чыгарууга, исмаилиликтин болсо Таджикистанда; Бадахшанда жана Памир тоолорунда мурдагыдай күчтөнүп мамлекет курууга аракет кылып жаткандыгы жөнүндө маалыматтар бар. Бул месхептер Орто Азия калктарынын назарында мурдатан калган жаман образды жана зордукчул аракеттерин унуттуруу үчүн жаны образ менен өздөрүн таныттууда. Исмаилилик Түштүк Кыргызстанда «Ага Хан» деген ат менен иш чараларды өткөрүшүүдө. Иштеринде эн мурда англис тилин үйрөтүшүүдө. Ошондуктан, Университеттин англис тили бөлүмүнө акчалай жардам кылганы, кээ бир мугалимдерди Англияга барып тилдерин өркүндөтүп келүүгө жөнөткөнү, университетке компьютер бергени, ал тургай Ошто англис тил колледжин салууга жер сатып алгандыгы жана ал 2000-жылы ишке кирээри айтылууда. Ага Хан группасынын ой пикирин жайуу үчүн кыргызча же орусча жазылган чыгармаларды, маалыматтарды азырынча таба албадым.

Бахаилик Кыргызстанда 1992-жылы аракетке кирди. Анын адамдары алгачкы улуттук конференциясын 1995-жылы август айында өткөргөн. Бул конференцияда өздөрүн монотеист Теңирге ишенген дин, баардык дүйнөнү бир чатыр астына чогулткан келечектин дини, дүйнөдөгү диндердин синтези, келечекте жалпы укуктары жана баалуулуктары боло турган дүйнөлүк коомду куруучу дин деп таанытышты. Азыркы мезгилде коңшу өлкөлөрдөгү башка бахаилер менен жакын байланыштарын улантышууда. Россия, Америка, Канада, Индия жана Филиппиндеги адамдары Кыргызстанда уюштурулган бул бахаилик жамаатынын алгачкы улуттук конференциясына катышышты.[29] Булар Бахауллахтын кээ бир китептерин же башка китептерди кыргызча, өзбекче жана орусчага которушуп, Орто Азиядагы өлкөлөргө бекер таратышууда. Албетте бул региондогу алардын аракеттери жаңы эмес. 1991-жылдан мурун кээ бир чыгырмалары батыш өлкөлөрүндө басылчу эле. Мисалы, К.Казамзаденин «Краткий очерк истории и основанных принципов бахаизма» (Лангенхаин 1973, 1990(2-басылыш)) аттуу чыгармасы Германияда басылган жана азыркы мезгилде Кыргызстандын Ош регионунда кээ бир адамдардын колунда жүргөн чыгармалардын бири. Бахаилер азыркы мезгилде чыгармаларынын орусчасын Петербург жана Алма-Атада, ал эми кыргызчасын Бишкекте чыгарууда.[30]

Кыргыз жана орус тилинде чыккан газеталарда булардын Кыргызстандагы кыймылдары тууралу, мезгил-мезгили менен кээ бир маанилүү кабарлар орун алууда. Өзгөчө, Ош шаарында Бахаи борбору бар. Бул борбор кыргызча жана орусча жазылган бахаиликти пропогандалаган көптөгөн чыгармаларды бекер таркатууда. Кыргызстанда бөлөк-бөтөн секталардын көп жайылгандыгы жөнүндө 1998-жылы 17-апрель бейшемби күнү саат 13:30 да Ош телерадио компаниясы аркылуу Ошто болгон түрдү секталар жана бул секталардын аракеттери тууралуу репортаж көрсөтүлдү. Бул кабарлар туура

[29] Kırgızistan Cronikle , Agust 25-31 (1995) No:3

[30] Бул чыгармалардан кээ бирөөлөрү: 1.J.Ebenzer Esselemont, Baha-Ullahi Novaya Era, Almaatı /Kazakistan 1996. Казакстан улуттук Руханий парламенти тарабынан басылган.

1. Абдул-Баха. Мисил Мира(Dunyanin Amaci), Москва/ «Hayak». 1992.
2. Абдул-Баха-Шокы апенди. Браки Семейная Cizin Bahai, Петербург 1995.
3. Абдул-Баха-Шокы апенди, Принцип Невмешательство Политики и Повиновенийе Властиям, Петербург 1995.
4. Баха-Улла и Абдул-Баха, Суйуу Гулдору (Розы любви из Писаний), Баха-Улла менен Абдул-Баха Айаттарынан, пер. Эрниса турсунова, Бишкек 1993.(Бахаи ассамбилеясы).
5. Баха-Улла, Жазмаларынан тандалма, Бишкек 1994.
6. Professoru Doktoru Forelyo, Paslaniye Abdul-Baha, lengenhain 1980.

болсо бахаилердин Оштогу баардык саны жүзгө жеткендиги айтылды. Азыркы мезгилде Кыргызстанда 19 Бахаи Рухий Махфили ачылгандыгы, Жалал-Абад, Майли-Сай жана Кызыл-Кыяда да жаны борборлордун ачылгандыгы айтылды.

Бахаилик шиа маданиятынан таралгандыгы үчүн ага тиешелүү өзгөчөлүктөрдү алып жүрүүдө. Бахаилер өздөрүн дин деп таныштырганы менен алар дин да, месхеб да эмес. Ал христиандык, еврейлик жана шиа маданиятынан чыккан эклектикалык группа болуп эсептелет. Пропоганда жүргүзүүнү каалаган өлкөлөрдө кеңири иш жүргүзүү үчүн жана ал жердин мыйзамында белгиленген эгемендүүлүктөн пайдалана алуу үчүн өздөрүн дин деп танытууда. Чынында ал саясий агымдардын бири. Себеби бахаиликтин куруучусу Мырза Хусейин Али ошол мезгилдеги Иран шахы Надир Шахка каршы көтөрүлүш уюштургандыгы үчүн куугунтукка алынган. Ал өзүн мурда мехди, кийин Расул, акыры Теңирмин деп таныштырган. Ал жалган Пайгамбар. Бахаиликтин бул пикирлери региондогу Эхли Суннет вел Жамааттын ишенимине каршы келет. Себеби Аз.Мухаммеддин келиши менен Пайгамбарлык бүтөт. Бул месхептин азыркы мезгилде Кыргызстанда 2000 адамы бар экени жана булардын көбү акчага алданганы белгиленүүдө. Бул месхептегилердин саны жөнүндөгү маалымат «калп» деген ойдобуз. Булар өздөрүн тынчтыкты колдогон дин деп тааныштырууда. Чынында шиа маданиятынан чыккан бардык месхептер жашыруундулук принцибин колдонушкан. Булар анык жүзүн жашырышкан. Бул шиа, исмаилийлик жана бахаилердин бардыгына таандык. Өзгөчө эклектикалык түшүнүк дүйнөлүк боло албайт. Кыска мезгил таасир бериши мүмкүн, бирок, эклектикалык система дүйнөлүк боло албай тургандыгы үчүн, эч качан бир улуттун бардыгы кабыл алган ой же дин түрүнө келе албайт.

Кыргызстанда акыркы мезгилдерде өзү жана таасирлери жөнүндө эң көп сөз кылынган месхептердин бири-Вахабизм. Ар күнү ал тууралу прессада кабарлар жана талдоолор, (туура же туура эместигин сүйлөп далилдөө) бар. Колдорунда анык далилдери жок эле адамдар бири-бирин «Вахабист» деп күнөөлөшүүдө.[31] Вахабизмдин эмне экендигин жана Орто Азияда кандай иштерди аткарып жаткандыгы тууралу чыныгы изилдөөлөр болбогондуктан бул түшүнүктүн мааниси боюнча көптөгөн туура эместиктер бар. Кимдир бирөөсү чөйрөгө, диний фундаментализм же радикализмге, кимдир бирөөсү Мухаммед б. Абдулвахабдын демилгеси менен курулган жана анын аты менен аталгангандыгын, кимдир бирөө болсо ислам дини тууралуу пикир жана аракеттерге, же динге эч тиешеси жок ар түрдүү нерсеге каршылык (жооп) катары бул түшүнүктү колдонушууда. Ал тургай пикирлери аркылуу бир системага келе элек акрамизм, низамизм жана Пакистанда пайда болгон ахмедизм да жаңылыш түрдө ваххабизмдин ичиндеги группалар катары көрсөтүлүүдө. «Акрамизм» жана «Низамизм» деп аталган группалар демократиялык жашоого өтүү мезгилинде «дин» деп ортого чыккан кыймылдар. Диний темаларда бир аз билими болгондо деле бул түшүнүктү толук аныктай албаган. Вахабизм түшүнүгүнө жүктөлгөн кээ бир белгилүү маанилер булар:

1) Үрп-адаттарга, күмбөзгө баруу тууурасында түшүнүккө каршы чыгуу.
2) Аалымдардын Куран жана хадистин тышындагы ижтихаддарын кабыл этпөө.
3) Исламга кийинчерээк киргизилген (бидат) нерселерге каршы чыгуу.

---

[31] Abdusattar Cakıpov. Vahabiliğin Doğusu ve Görüşleri. Ою 1998, s.38. (Басылган эмес)

4) Пайгамбарды катардагы адамдардай көрүү.
5) Сүннөт намаздарын кылбоо.
6) Мевлютту окууну жана обон менен азан окууну бидат деп эсептөө.
7) Аллахтан башка бирөөнө курмандык чалууну четке кагуу.
8) Аллахтан башакасынан шафаат үммөт кылууну (суроону) кабыл албоо.
9) Мүрзөлөрдө жана өлгөндөрдүн артынан Куран окууга каршы болуу.
10) Калкты момун жана каапыр деп экиге бөлүп күрөш жарыялоо.
11) Уурулук, рекетизм ж.б.у.с террористик аракет жасаган жана мамлекеттин түзүлүшүн алмаштырууну каалаган куралдуу группалардын аты.
12) Саясий каршы чыгууда жамандоо үчүн колдонулган ат. Саясий оппозицияны каралоо үчүн колдонулган түшүнүк.

Вахабизмдин качан пайда болгондугун, ким кургандыгын, анын ой-пикирин жана кайсы жерлерде таралганын, кыскача белгилей кетели. Вахабизм Араб жарым аралындгы Нежд регионунда Мухаммед б. Абдилваххабдын (1703-1792) демилгеси менен курулган жана азыркы мезгилде Саудиялык Аравия тарабынан мамлекеттик дин катары кабыл алынган, укукта ханбелий, ишенимде селефий логикасына таянган саясий диний агым.[32]

Бул месхеп Эгипет, Индия, Африка.Индонезия, Малазия, Орто Азия ж.б кээ бир ислам өлкөлөрүндө аракет кылууда жана колдоочу топтоого аракенттенүүдө. Бул месхебдин белгилүү ой-пикирлери булар:

а)Тевхид: Аллах жиберген элчилеринин дини болуп, ибадатта Улуу Аллахты бир деп кабылдоо.[33] Тевхид жүрөк, тил, амал менен болушу керек . Булардын бирөөнү орундатпаган адам мусулман эмес.[34] Ал Аз. Пайгамбар алып келген эң маанилүү-парз. Намаз, орозо, закат жана ажыга баруудан да зарыл. Кандайча Расулдун бардык айткандарын аткарган мезгилде бул парздардын бироосун кабыл албаса каапыр болуп, бардык пайгамбарлардын жолу болгон тевхидди кабыл алган каапыр болбойт?[35]

b) Шефаат: Аз. Пайгамбар шафаат кылат жана өзүнөн шефаат тиленет. Бирок шафаат Алланын колунда, Алланын уруксаты жок пайгамбар да, андан башкасы да шафаат кыла албайт.[36]

c) Бидат: Куран жана Суннетке таянбаган илгертен башталган, кийин динге киргизилген нерселер. Вахабизм бидатты четке кагат
d) Жакшылыкты буйруп, жамандыкты тыюу: Вахабистер бидат болуп корунгон баардык нерсе менен согушуунун зарылдыгына ишенишет. Ошондуктан мусулмандарды мусулман жана каапыр деп экиге болуп, динди өздөрүндөй ойлонбогон дин бир туугандарына каршы курал колдонуудан тартынышкан эмес.[37]

---

[32] Кенен маалымат үчүн караңыз. Fığlalı, Çağımızda Itikadi İslam Mezhepleri, s-97; Vehbi Ecer, «Vehhabilik, Uc Teblig, Trz., Yrz., s-11;
[33] Muhammed b. Abdulvehhab, Kesfu's-Subehat, Yrz.Trz. s-3
[34] Аты аталган адабият, 31-бет
[35] Аты аталган адабият, 22-бет.
[36] Кенен маалымат үчүн караңыз. Muhammed b-Abdulvehhab, Keşfu's-Şübehat, s-15-16: Mezaihi'l- Cahiliyye, Kahire 1397, s-53-54.
[37] Muhammed Ebu Zehra, İslamda Siyasi ve İtikadi Mezhepler Tarihi, cev. Ethem Ruhi Fığlalı-O. Eskicioğlu, İstanbul 1979, s-282.

e) Араб болбогон доордун улуттук урп-адаттарына каршы чыгуу, Арабдардын биринчи класс, башкаларды экинчи класстагы мусулман деп эсептоо.

f) Келам илимине жана укукчулардын Китеп жана Сунноттон сырткары ой жорууларына, салыштырууларына каршы чыгуу.

g) Тасаввуфка (мистицизмге) каршы чыгуу

h) Демократиялык түзүлүшкө каршы чыгуу.

Вахабизмге таянган бийлик куруу. Вахабистер секулярдык башкаруучулукка жана элдик исламга каршы чыгуу менен өз ойлорундагыдай идеалдуу Ислам мамлекетин курууну каалашат.

Биз СССР мезгилиндеги каталарды кайталабоо үчүн вахабизмдин негизги принциптерин жогорудагыдай талдадык. Жеке адамдын бул агымга тиешелүү болгон үчүн жогоруда белгиленген ой-пикирлерге ишениши зарыл.

...Вахабизм менен иши болбогон, ата-бабасынын дини болгон исламда жашоону каалаган динчил калкты «Вахабист» деп атоодон качышыбыз керек. Булактары чет өлкөлөрдө болгон жана бул ат менен аталган кыймылдардын азыркы мезгилде Кыргызстан калкынан же динчил чөйрөдөн колдоо табуулары кыйын. Алардын колдоочулары Иран, Ирак, Аравия, Пакистан, Афганистан жана Таджикистанда аракет кылышат. Радикал жана фундаменталист кээ бир группалар менен байланышта болушу мүмкүн. Өзгөчө Орозо айларында Кыргызстанда динге чакыруучу болуп келип кээ бир мечиттерде ар кандай иш-аракеттерди кылгандары айтылууда.[38] Эл арасында бул түшүнүктүн жана маданиятыбызга чоочун башка радикал фундаменталисттик миссионердик кыймылдардын жайылышына тоскоол болуш үчүн мектептерге дин тарыхы сабактарынын киргизилиши жана бул жерде жаштарыбызга Исламды эң туура үйрөтүү керек. Бул аткарылбаса вахабизм же башка кыймылдардын Кыргызстандын келечегине коркунуч туудурушу жана өлкөдөгү адамдардын арасында дин жана месхеб бузукулугун ишке ашыруулары мүмкүн. Ошондуктан кыргыз калкынын бейкуттугу жана бактысы, тынчтыкта жашоосу үчүн, башында дин кызматчылары турган бардык эл өлкөнүн келечегине коркунуч туудурган вахабизм, бахаизм, баптист, эвангелист жана маданиятыбызга чоочун башка фундаменталист кыймылдарга каршы пикирде болушу керек.

Кыргызстандын калкынын көпчүлүгү илгеркидей эле бүгүн да Эхли-Сүннөт вель-Жамаат мезхебине баш ийишет.

Алар 70 жылдык зомбулук доорун өткөргөндүктөн бул мезхептин чыгармаларын жана пикирлерин жакшы билишпейт. Ошондуктан тыштан келип аракеттенген жана өлкөнүн келечегине таасир бере турган месхептердин же болбосо диндердин таасирлерин токтотуу жана зыянсыз түргө келтирүү үчүн бул месхептин түпкү булактары кыргыз тилине которолуп жайылышы керек. Кашгарлык Махмуддун «Дивануль-Лугатут-Түрк» кыргыз эли үчүн кандай мааниге ээ болсо, Эбу-Мансур эль-Матуридинин ойлорун топтогон «Китабут-Тевхид» жана Курандын аяттарын түшүндүргөн «Тевилат» да кыргыздардын дин бүтүндүгүнүн сактоодо ошондой эле мааниге ээ. Матуридилик ислам ой жүгүртүүсүндө өзүнө тийиштүү пикирлери менен пайда болгон месхеб жана Орто Азиянын исламдашуусунда тил, дин жана месхеп биримдигинин

---

[38] Кенен маалымат үчүн караңыз.

сакталышында илгеркидей эле бүгүн да маанилүү роль ойной турган тарыхый, пикирдик, жана маданий түзүлүшкө ээ.

Биз бул жерде Орто Азияда жана башка региондордо өсүп чыккан укукчуларды, аалымдарды эске албастан бир гана ислам теологиясы бөлүмүндө белгилүү, эң маанилүү чыгармаларды жараткан Матуриди месхебине тийиштүү түрк окумуштууларынын, алардын чыгамраларынын аттарын бергибиз келет.

Матуриди Самарканд келам эколунун (тайпасынын) маанилүү түрк аалым-илимпоздору.

1. Имам Эбу Мансур ал-Матуридий 333(944)-ж. Самаркандык

a) Китабу'т-Тевхид басууга даярдаган Келам Фетхуллах Хулейф, Бейрут- 1970.

b) Тевилату'л-Куран (жазуу түрүндө). Тефсир

2. Хаким ас-Самаркандий 342 (953)-ж. Самаркандык

a) Китабу'с-Севади'л-Азам. Стамбул- 1987. Келам

b) Рисале фи'л-Иман. Стамбул- 1987. Келам

3. Эбу Салам ас-Самаркандий (X кылымдын 2-жарымы). Самаркандык

a) Жумалу Усули'д-Дин. таххик (оңдоп-түзөтүү). док. Ахмет Саим Кылавуз. Стамбул-1989.

4. Эбу'л-Лейс ас-Самаркандий (383Y993). Самаркандык

a) Шерху'л-Фыкхи'л-Акбир. Хайдарабад- 1321. Келам

5. Эбу (абу) Мути' Мекхул ан-Насафий (318/936). Несефтик

a) Китабу'р-Ред (а) аке'л-Биди'. Такхим Марис Бернанд (Moric Bernand), (Annales Islamologiges), 16(1980), 39-126. Көңүл бур! Матурийден алгач деп бил.

6. Эбу'л-Муин ан-Несефий (508/1114). Несефтик

a) Табсырату'л-Эдилле фи Усуллу'-Дин. Тахким Cloude Selame, Шам- 1992. Келам

b) Бахру'л-Келам, Мисир-1977. Келам

c) ат-Ташхид ли Каваиди'т-Тевхид. Келам

7. Эбу Хафс Умар ан-Насафий (537/1142). Несефтик (Насафий)

a) аль-Акаид. Келам

8. Эбу'л-Берекат ан-Насафий (701/1301). Несефтик (Насафий)

a) аль-Умде. Келам

b) аль-Итимад фи'л-Итикад. Келам

9. Али бин Осман аль-Оший (575/1179). Оштук-Ферганалык

аль-Эмали (Ламийье Келамийье), Анк. унив. илахият фак. журналы, 1954-жж I-II? 1-21 (Стамбул-1980). Келам

10. Ибну'л-Хуман (1861/1457).

a) аль-Мусайере, Булак-1317, Стамбул -1974. Келам

11. Хызыр Бег (бей, бай) (862/1458)Касидету'н-Нунийе Стамбул 1842-ж. Анк. 1987-ж. Келам

Бухаралык: 12- ас-Сабуни (580/1184).

b) Матуридийие Акаиде. тахким жана котормо. Келам Бекир Топалоглу,Анк, 1979.

b) аль-Мунтека (жазуу) Келам

c) аль- Куфайе Келам

13. Аль-Пездевий (493Y1099), Ахли Сүннет (сүннөт) Акаиди, котормо Шераффедин Голжук. Стамбул, 1988 Аманатка кыянаттык кылбоо, адамдардын ишеничине жетүү Бухаралык:

14. Эбу Исхак Ас-Саффар Аль-Бухарий (534/1139),

a) Телхису'л-Эдилле фи усулу'д-Дин. (жазуу түрүндө) Келам

15. Эбу(Сехур) Шехир ас-Салимий же болбосо (340/951),
а) ат-Тешдид фи Бейанит-Тевхид. жазуу.
16. Шамсуддин ас-Самаркандий.
а) ас-Сахаифу'л-Илахийя (ф) Кувейт.
17. Вейазий
а) Ишаарату'л-Мерам мин Ибаарати'л-Имам. Мисир 1(1367/1939).

Бүгүн вахабиликке, шианын агымдарына жана бахаиликке тоскоол болуунун бир гана жолу Эхли-Суннет вель-Жемааттын региондогу эски сыйурматын калыбына келтирүү болуп эсептелет. Ошондо гана Орто Азия, өзгөчө, түрк уруулары байыркыдай уруу, тил, дин жана месхеп жагынын бирге болушуп, жаңы күчкө ээ боло алышат. Кыскасы, Орто Азиянын түрк урууларынын биримдиги жана бүтүндүгү тилде бардык диалект менен бирдикте түркчө, дини ислам болуп, укук жагынан хенефий, ишеним месхеби матуридилик болгондо гана ишке ашат.